**Изденүүчү Кошалиева Салтанат Шайдуллаевнанын "Мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу технологияларды колдонуунун педагогикалык шарттары" аттуу 13.00.01 - "Жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы" адистиги боюнча кандидаттык илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши жөнүндө**

# РАСМИЙ ОППОНЕНТТИН ПИКИРИ

## 1. Диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугу.

Дисссертациялык иштин темасы актуалдуу, себеби, мектепке чейинки мекемелердеги балдардын ден соолугун чыңдоонун практикалык аспектилерин изилдөөгө багытталып, бул чөйрөдөгү көйгөйлөрдү камтыган. Бүгүнкү күндө мектепке чейинки билим берүүнүн теориясы жана практикасына байланыштуу ден соолукту чыңдоо технологияларын колдонуу жетиштүү деңгээлде иштелип чыккан эмес. Ошондуктан, акыркы жылдары Кыргызстандын билим берүү мейкиндигинде балдардын ден соолугун коргоо жана чыңдоо багытындагы коомдук-педагогикалык кыймылдар кыйла активдешип келе жатканы бекеринен эмес. Мектепке чейинки билим берүү уюмдарында ден соолукту сактоочу билим берүү процессин өнүктүрүү багыттарынын бири — ден соолукту сактоочу чөйрөнү түзүү максатын көздөө болуп саналат.

Бала бакчалардагы таалим-тарбия чөйрөсү дүйнөлүк жана ата мекендик практикада сыноодон өткөн педагогикалык технологияларга негизделиши зарыл. Бирок, бул жагдай педагогикалык технологияларды натыйжалуу колдонуунун шарттарына байланыштуу илимий изилдөөлөргө таянууга тийиш. Ошондуктан, каралып жаткан диссертациянын темасынын актуалдуулугу шек жаратпайт. Жогоруда белгиленгендер С.Ш. Кошалиеванын "Мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу технологияларды колдонуунун педагогикалык шарттары" аттуу диссертациялык иши актуалдуу темага жазылган педагогикалык эмгек экендигин тастыктайт.

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 101 «01» 10 2024 ж.

Окум. катчы: [signature]

**Диссертациянын максаты** мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу технологияларды колдонуунун педагогикалык шарттарын аныктоо, моделин түзүү жана эксперимент аркылуу текшерүү деп аныкталган жана ал изилдөөнүн обьектисине жана предметине туура келет.

**Диссертациялык иштин милдеттери** изилдөөнүн максатына адекваттуу болуу менен теориялык жана практикалык өтө маанилүү көйгөйлөрдү камтып, Кыргыз Республикасындагы педагогика илиминде мурда каралбаган маселелерди чечүүгө арналган.

**2. Диссертациялык иштин илимий натыйжалары:**

Диссертациялык иште мектепке чейинки мекемелерде балдардын ден соолугун чыңдоого багытталган технологияларды колдонуунун моделин жана педагогикалык шарттарын аныктоого багытталган илимий жактан негизделген, теориялык жана практикалык жактан эксперименталдык тажрыйбадан өткөн төмөндөгүдөй натыйжалар алынган:

**Биринчи натыйжа**. Мектепке чейинки мекемелерде балдардын ден соолугун чыңдоого багытталган педагогикалык технологиялардын өзгөчөлүктөрү жана аларды колдонуунун теориялык негиздери аныкталды. Бул натыйжа салыштырмалуу жаңы, себеби педагогикалык ден соолукту чыңдоочу технологиялар терең талдоого алынып, алардын түрдү классификациярына, принциптерине, функцияларына анализ берилип, системага келтирилип, мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоо үчүн колдонуунун шарттары ынанымдуу аныкталган.

**Экинчи натыйжада** мектепке чейинки билим берүү уюмдарында ден соолукту сактоочу технологияларды пайдалануунун модели жана педагогикалык шарттары аныкталды. Тарбиячылар, ата-энелер жана саламаттык сактоо адистерии үчүн конкреттүү сунуштарды камтыйт. Аталган натыйжаны жаңы деп баалоого негиз бар, себеби бул жерде мектепке чейинки мекемелерде балдардын ден соолугун чыңдоого багытталган педагогикалык технологияларды калыптандырууну ишке ашыруунун теориялык модели, технологиялары жана педагогикалык

шарттары аныкталган. Мектепке чейинки балдардын ден соолугун чыңдоочу технологияларды колдонуунун педагогикалык шарттарынын модели иштелип чыккан. Долбоорлонгон моделдин негизги структуралык элементтерине педагогикалык, медициналык жана психологиялык аспектилердин интеграциясы камтылып, алар балдардын ден соолугун чыңдоого комплекстүү мамилени калыптандырууга мүмкүндүк берет, ошондой эле заманбап технологиялардын, виртуалдык каражаттардын, интерактивдүү, инновациялык ден соолукту чыңдоо методдорун түзүүгө мүмкүндүк берет.

**Үчүнчү натыйжа.** Айкындалган модель жана педагогикалык шарттардын натыйжалуулугу эксперимент аркылуу текшерилген.

Алынган модель "Мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде ден соолукту сактоочу педагогикалык технологияларды пайдалануу" аттуу программасын практикага киргизүү аркылуу текшерилип, педагогикалык сунуштар иштелип чыкты. Аталган натыйжаны дагы жаңы деп кабыл алууга болот, себеби бул натыйжа изденүүчү тарабынан белгиленген теориялык божомолдордун, көндүмдөрүн калыптандыруу педагогикалык шарттардын бала-бакчанын окутуу-тарбиялоо процессине киргизүү боюнча өздүк салымын чагылдырып, коюлган милдеттердин адекваттуу экендигин статистикалык маалыматтар далилдеп турат. Илимий иштин негизги баалуулугу теориялык жактан негизделип, практикалык жактан тастыктаган төмөнкүдөй педагогикалык шарттар түзөт:

Биринчи педагогикалык шарт - ден соолукту чыңдоо принциптерине негизделген программаларды иштеп чыгуу жана колдонуу; экинчи педагогикалык шарт - педагогикалык технологиялардын интеграциясы; үчүнчү педагогикалык шарт - индивидуалдуу жана дифференцияланган мамиле; төртүнчү педагогикалык шарт - балдардын ден соолугун чыңдоого көмөк көрсөткөн окутуунун оюндук жана активдүү формасына негизделген педагогикалык технологияларды практикада колдонуу (дисс.§2.2. 93-104б.б.)

Илимий иштеги натыйжалар көп жылдык изилдөөчүлүк байкоолорго, бала бакчаларда, жогорку окуу жайдагы окуутуучулук тажрыйбаларларга таянуу менен жазылып, илимий-теориялык тыянактар, аларга болгон шилтемелер, тажрыйбадан алынган фактылар менен коштолгон.

**3. Илимий жоболордун, жыйынтыктардын, сунуштардын негизделиш даражасы.**

Диссертациялык иштеги алынган жыйынтыктар жана натыйжалар илимий-теориялык жактан ынанымдуу жана практикалык жактан жетишээрлик деңгээлде далилдүү деп кабыл алууга болот. Себеби, диссертациялык иштин биринчи бөлүгүндө мектепке чейинки балдардын ден соолугун чыңдоочу технологияларды колдонуунун педагогикалык шарттарынын теориялык негиздерин изилдөөгө түрткү берүүчү расмий документтерге, ошондой эле чет элдик жана ата-мекендик окумуштуулардын эмгектерине таянуу менен мектепке чейинки балдардын ден соолугун чыңдоонун шарттары, алардын педагогикалык тажрыйбага киргизүү жолдору ачыкталат жана теориялык негиздүү жоболорго таянуу, тиешелүү илимий булактарды терең изилдөө, талдоо, аныктоочу, калыптандыруучу жана текшерүүчү педагогикалык эксперименттерди жүргүзүү, алынган эмпирикалык материалдарды талдоо, жалпылоо жана синтездөө ыкмаларын колдонуу аркылуу бекемделет.

**4. Изилдөөнүн илимий жана практикалык маанилүүлүгү.**

Диссертациялык иште алынган натыйжалар ички биримдикке жана логикалык ырааттуулукка ээ болуу менен колдонууга ыңгайлуу сунуштар менен коштолгон жана алар төмүнкүчө мүнөздөлөт: диссертациялык изилдөөнүн теориялык натыйжаларын ЖОЖдордо, Республикалык педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунун курстарынын лекциялык жана практикалык сабактарында пайдаланса болот. Изилдөөнүн практикалык материалдары жана методикалык сунуштамалары, “Мектепке чейинки билим берүү

мекемелеринде ден соолукту сактоочу педагогикалык технологияларды пайдалануу" аттуу программа жана ден соолукту сактоочу педагогикалык технологиялардын сапатын баалаган диагностикалык инструменттердин комплекси мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде колдонулушу мүмкүн. Диссертациянын натыйжалары ЖОЖдордун мектепке чейинки билим берүү бөлүмдөрүнүн студенттерине жана магистранттарына педагогика сабактарын окутууда окуу-методикалык комплекстерди түзүүдө, курстук жана бүтүрүү квалификациялык иштерин жазууда, ошондой эле аталган тармактар боюнча илимий иштерди жалпылоодо пайдаланылышы мүмкүн. Мындан тышкары бала-бакчалардын жогорку жана даярдоо тайпаларынын тарбиячыларынын практикалык иштеринде колдонулат.

**5. Изденүүчүнүн жекече салымы**: мектепке чейинки билим берүү уюмдарында ден соолукту сактоочу технологияларды пайдалануунун модели жана педагогикалык шарттары аныкталды; бала-бакчанын тарбиячылары жана балдардын ата-энелери менен биргеликте иш жүргүзүүнүн жаңы формалары такталды, аны окутуу-тарбиялоо процессине киргизүү сунушталды. Ошондой эле "Мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде ден соолукту сактоочу педагогикалык технологияларды пайдалануу" аттуу программа иштелип чыкты.

**6. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши**. Изденүүчү **Кошалиева Салтанат Шайдуллаевнанын** 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча жазылган "**Мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу технологияларды колдонуунун педагогикалык шарттары**" аттуу диссертациялык иштин мазмуну жалпысынан авторефератта берилген, негизги мазмунун чагылдырылып, орус жана англис тилиндеги резюмелер менен жабдылган.

**7. Диссертациялык иште жана атorefератта кездешкен айрым мүчүлүштүктөр:**

Каралып жаткан диссертациялык иш мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу технологияларды колдонуунун педагогикалык шарттарын аныктоого байланыштуу бир топ алгылыктуу натыйжаларды камтыгандыгына карабастан, айрым мүчүлүштүктөр байкалды.

1. Изилдөөнүн биринчи милдети – ден соолукту чыңдоо процессинде ата-энелердин жана педагогдордун ролун аныктоо. Бирок, изилдөөнүн теориялык бөлүгүндө бул субъекттердин өз ара аракеттенүүсү, алардын практикалык салымы жана тандалган технологияларды ишке ашыруу ыкмалары жетиштүү деңгээлде иштелип чыккан эмес. Ден соолукту чыңдоо процессине ата-энелер менен тарбиячылардын кандайча катыша алары жөнүндө кененирээк талдап, алардын кызматташуусуна байланыштуу конкреттүү сунуштарды берүү зарыл.

2. Жалпысынан алганда, мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоо үчүн педагогикалык шарттарды жана технологияларды эксперименталдык текшерүү боюнча изденүүчүнүн билдирүүсү логикалык түзүлүшкө ээ жана педагогикадагы эксперименталдык мамиленин жалпы принциптерин чагылдырат. Бирок, эксперименталдык текшерүү 'иштелип чыккан педагогикалык механизмдерди жана технологияларды системалуу текшерүү' деген автордун аныктамасында системалуулуктун кайсы конкреттүү критерийлери колдонулганы белгисиз. Бул текшерүүнүн этаптарын жана параметрлерин так көрсөтүп, балдардын ден соолугуна ар кандай педагогикалык шарттардын таасирин баалоодо системалуулукту камсыз кылуунун кандайча пландаштырылгандыгын белгилөө зарыл.

3. Автор физикалык өнүгүүгө, психо-эмоционалдык тең салмактуулукка жана сергек адаттарды калыптандырууга багытталган атайын иш-чараларды өткөрүүнүн так планын жана баалоо критерийлерин иштеп чыгышы зарыл. Ошондой эле, бул иш-чаралардын балдардын ден соолугунун ар кандай аспектилерине тийгизген таасирин байкоо методдорун караштыруу керек. Сунушталган чаралар чындап эле мектепке чейинки балдардын ден соолугун комплекстүү жакшыртууга алып келиши мүмкүн экенин далилдөө өзгөчө мааниге ээ.

8. Белгиленген мүчүлүштүктөр **Кошалиева Салтанат Шайдуллаевна** тарабынан аткарылган **«Мектепке чейинки курактагы балдардын ден соолугун чыңдоочу технологияларды колдонуунун педагогикалык шарттары»** аттуу диссертациялык иштин жалпы илимий деңгээлине шек

келтирбейт, алар негизинен изилдөөнү мындан да жогорку деңгээлге көтөрүү максатында белгиленди. Диссертациялык иш 13.00.01. – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигине ылайык келип, КР ЖАКтын педагогика адистиги боюнча кандидаттык окумуштуулук даражаны ыйгаруу боюнча Жобонун 10 пунктуна туура келген, өз алдынча аткарылган илимий иш катары бааланат жана изденүүчү педагогика илимиинин кандидаты даражасын алууга татыктуу.

**Расмий оппонент,**
**Ж. Баласагын атындагы КУУнун**
**мектепке чейинки, мектеп педагогикасы**
**жана билим берүү технологиялары**
**кафедрасынын башчысы, п.и.к., доцент** **Адылбек кызы Г.**